**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин отурумунун №1 ПРОТОКОЛУ**

**2021-жылдын 21-апрели** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:**Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:**Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Каримов К.Ж.,ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2020-2021-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин курамын бекитүү.
2. 2020-2021-окуу жылына факультеттин Окумуштуулар кеңешинин иш планын бекитүү.
3. Ар түрдүү маселелер.

**1.**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.АйтикеевКыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамы менен тааныштырып, анын ичинен эки мүчөсү шартка байланыштуу келе албай калгандыгын билдирип, окумуштуулар кеңешинин курамын бекитүүнү добушка койду.

Макул – 11;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешининкурамы бир добуш менен бекитилди.

**2.** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев 2020-2021-окуу жылына карата түзүлгөн факультеттин Окумуштуулар кеңешинин иш планы менен толук тааныштырып, аны добушка койду.

Макул – 11;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
2020-2021-окуу жылына карата түзүлгөн факультеттин Окумуштуулар кеңешинин иш планы бир добуш менен бекитилди.

**3. Ар түрдүү маселелер:**

**3.1.**Кыргыз-Кытай факультетинин деканыАйтикеев Токтосун Кенешбековичтин ага окутуучулук кызматынын мөөнөтү бүтүп, кайрадан конкурстук шайлоого катышып, андан өткөндүгүнө байланыштуу ага окутуучулуккакабыл алуу Окумуштуулар кеңешине сунушталып, добушка коюлду.

Макул – 10;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен бекитилди.

**3.2***Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин төрагасы* **Т.К. Айтикеев** “Котормо иши” адистигинин орто кесиптик билим берүү циклынын бөлүм башчысы, т.и.к. М.Дж.Султанбаеванын “Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин негиздери” окуу жана “Илимий макаланы кантип жазуу керек” усулдук колдонмолорунбасмадан чыгарууга сунуштоо маселесин талкууга койду.

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**“Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О.** “Котормо иши” адистигинин орто кесиптик билим берүү циклынын бөлүм башчысы, т.и.к. М.Дж. Султанбаеванын “Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин негиздери” аттуу эмгеги студенттер үчүн илимий иштерди жазууда маанилүү

болушун, ошондой эле “Илимий макаланы кантип жазуу керек”аттуу усулдук колдонмосу жаш окутуучуларга илимий макалаларды даярдоодо чоң усулдук жардам беришин, бул багытта даярдалган кыргыз тилиндеги эмгектердин жокко эсе экендигин белгиледи. Ал эми биринчи китептин мазмунунда камтылган илимий-изилдөө ишин жүргүзүүнүн ыкмалары студенттер тарабынан терең өздөштүрүлүп, алардын өз алдынча жүргүзгөн илимий-изилдөө иштеринде чоң пайдасын тийгизет деген ишеничин билдирди. Ушул жагдайларды эске алып М.Дж. Султанбаеванын эки эмгегин окуу процессинде колдонууну жана басмадан чыгарууну сунуштады.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеевдин сунушун Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүбир добуштан колдошту.

**3.3.**Декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басарыҮсөн уулу Маматаир бакалавриат жана магистратурадагы 531100 Лингвистика жана 532200 Кытай таануу жана орто кесиптик билим берүү циклынын “Котормо иши” багыттарынын окуу пландарындагы тандоо курстары боюнча кыскача түшүндүрмө берип, тандоо курстары студенттерге жана магистранттарга сунушталып, тандалгандыгын жана ал предметтерди Окумуштуулар кеңешинин бекитип берүүсүн айтты.

Төрага Т.К.Айтикеев тандалган предметтерди бекитүүнү Окумуштуулар кеңешинин добушуна койду.

Макул – 11;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Тандоо курстары Окумуштуулар кеңеши тарабынан бир добуштан бекитилди.

**3.4.**Факультеттин магистратура бөлүмүнүн башчысы Алымбекова В.А. Кыргыз-Кытай факультетининМагистратурасынын Кытай таануу жана Лингвистика адистиктерине тапшырууга мүмкүн болгон тектеш адистиктерди бекитип берүүнү Окумуштуулар кеңешинен суранды. Сунушталган адистиктерге Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев сөзсүз кытай тилин билүүсү керектигинбаса белгиледижана аларга Тарых адистигин (кытай тилин билүү менен) кошууну сунуштады. Кыргыз-Кытай факультетининМагистратурасынын Кытай таануу жана Лингвистика адистиктерине тапшырууга мүмкүн болгон тектеш адистиктерге:кытай таануу, лингвистика, филологиялык билим берүү, аймак таануу, чыгыш таануу (кытай тили) жана тарых (кытай тилин билүү менен) адистиктери киргизилип, аларды бекитүү Окумуштуулар кеңешинин добушуна коюлду.

Макул – 11;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Тектеш адистиктерди Окумуштуулар кенеши бир добуштан бекитти.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2020-2021-окуу жылына карата Окумуштуулар кеңешинин курамы бекитилсин.
2.2020-2021-окуу жылына факультеттин Окумуштуулар кеңешинин иш планы бекитилсин.
3.1.Кыргыз-Кытай факультетинин деканы Т.К. Айтикеев ага окутуучулукка сунушталып, аны бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.
3.2. Кыргыз-Кытай факультетинин “Котормо иши” адистигинин орто кесиптик билим берүү циклынын бөлүм башчысы, т.и.к. М.Дж.Султанбаеванын “Студенттердин илимий-изилдөө иштеринин негиздери” окуу жана “Илимий макаланы кантип жазуу керек” усулдук

колдонмолорун басмадан чыгарууга уруксат берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.
3.3. ККФнын бакалавриат 531100 Лингвистика, 532200 Кытай таануу жана орто кесиптик билим берүү циклынын “Котормо иши” багыттарынын окуу пландарындагы тандоо курстары 2021-2022-окуу жылына карата бекитилсин.
3.4. Кыргыз-Кытай факультетинин Магистратурасынын Кытай таануу жана Лингвистика адистиктерине тапшырууга мүмкүн болгон тектеш адистиктер бекитилсин.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**